***Турдугулова К.М.***

# ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН СИНТАКСИСИНИН ГРАММАТИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

***Аннотация:*** *Татаал сүйлөм жөнүндө түшүнүк жана анын грамматикалык түзүлүшү, татаал сүйлөмдү уюштуруучу грамматикалык каражаттар чагылдырылган. Татаал сүйлөмдүн бөлүнүшүнүн тартиби, мында көнүгүүлөрдүн системасы жана синтаксистик талдоонун үлгүлөрү сунуш кылынды.*

***Аннотация:*** *Общее понятие о сложном предложении и его грамматической структуре, представлены грамматические средства образования сложных предложений. Рассмотрены способы образования сложных предложений, дана системы упражнений и примеры синтаксического разбора.*

***Abstract:*** *The general concept of the complex sentence and its grammatical structure. Presented grammatical means of formation of complex sentences. Reviewed the rules of formation of complex sentences, given a system of exercises and examples of parsing.*

XX кылымдын 30-жылдарынын башынан бери тил илиминин ар бир тармагы тыкыр изилденип, учурда кадимкидей системага салынып калган кези. Ошонун арасында **синтаксис** бөлүмү да ошол отузунчу жылдардан бери тынымсыз иликтөөнүн объектисинде болуп келет.Улам мезгил берилеген сайын илимдин изилдөө параметрлери кеңейип отургандыктанбы, же жаңы, белгисиз изилдөө объектилеринин ачылып отурганынанбы, кийинки жыйырма-отуз жыл аралыгында грамматиканын бир бөлүгү, айрыкча синтаксис боюнча окумуштуулар арасында эки ача пикирди байкап келебиз. Илимдин өнүгүп кетишине мындай процесстин зарыл экени да талашсыз. Тил илиминде грамматика, анын ичинде, синтаксис боюнча системалуу изилдөө иштерин жүргүзүп жүрүшкөн белгилүү окумуштуулар А.Жапаров менен А.Имановдун концепциялары да бир чекитке келип кошулбайт. Профессор К. Сартбаевдин кыргыз тилин окутуу методикасы илимине эбегейсиз зор салым кошкону баарыбызга белгилүү. Бул окумуштуунун эмгектери менен таанышкан адам синтаксистин проблемаларына морфологияны аралаштырып караганын түшүнөт, балким, бул эки бөлүмдү жалпы грамматикалык принциптер менен карагысы келгендир...

*Кээ бир татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-биринин кырдаалын (мезгилин, себебин, максатын, ордун жана башка учурларын) көрсөтө албайт, ошонун натыйжасында алар өз ара бирдей даражада болот. Ошондуктан ал сыяктуу татаал сүйлөмдөрдүн составында баш сүйлөм (башка сүйлөмдөргө көз каранды болбогон, айтылуучу ойдун натыйжасын билдирүүчү сүйлөм) жана багыныңкы сүйлөм (баш сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун түрдүүчө кырдаалын көрсөтүүчү сүйлөмдөр) болбойт.* ***Мисалы: Үйгө кирген жоокер жигит колундагы чемоданын бурч жакка койду да, күлүмсүрөп ал Камка жакка басты (Т.С.).*** *Бул татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-биринин кырдаалын көрсөтө алган жок. Ошондуктан , алардын кайсынысы баш сүйлөм, кайсынысы багыныңкы сүйлөм экендигин ажыратууга болбойт.*

*Кээ бир татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири айтылуучу ойдун натыйжасын көрсөтөт да, баш сүйлөмдүн милдетин аткарат, бирөө ал сүйлөмдөгү окуянын , кыймыл-аракеттин мезгилин же себебин, максатын же шартын жана башка учурларын көрсөткөндүктөн, багыныңкы сүйлөмдүн милдетин аткарат. Мисалы: Жол жаман болгондуктан, ат, кунан чабыш болгон жок (К.Ж.). Бул татаал*

*сүйлөмдүн составындагы ат, кунан чабыш болгон жок деген сүйлөм айтылуучу ойдун натыйжасын көрсөттү. Жол жаман болгондуктан деген сүйлөм ат, кунан чабыш болгон жок деген сүйлөмгө берилүүчү эмнеликтен? Эмне үчүн? Деген суроого жооп болуп түштү да, анын себебин көрсөттү. Ошондуктан , бул татаал сүйлөмдүн составындагы биринчи жөнөкөй сүйлөм – багыныңкы сүйлөм, экинчи жөнөкөй сүйлөм – баш сүйлөм. Мына ушул жогорку сыяктуу белгилери боюнча татаал сүйлөм багынычсыз татаал сүйлөм жана багыначтуу татаал сүйлөм болуп экиге бөлүнөт* – деп, маселени тереңдетип чечмелешет. Андан ары авторлор татаал сүйлөмдүн структуралык түзүлүшүнө карата бир нече түргө классификацияланышын беришкен, алар: **Багынычсыз татаал сүйлөм:** *байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөм; байламталуу багынычсыз татаал сүйлөм; булардын ортосуна коюлуучу тыныш белгилер.Бүгүнкү күндө,бул татаал сүйлөмдү тең байланыштагы татаал сүйлөм дейбиз.* **Багынычтуу татаал сүйлөм:** *байламтасыз багынычтуу татаал сүйлөм; байламталуу багынычтуу татаал сүйлөм; алардын арасына коюлуучу тыныш белгилер. Жандама сүйлөмдүн түрлөрү: мезгил жандама сүйлөм; себеп жандама сүйлөм; максат жандама сүйлөм; шарттуу жандама сүйлөм; орун жандама сүйлөм; сыпат жандама сүйлөм; карама-каршы жандама сүйлөм; салыштырма жандама сүйлөм; бир нече жандамалуу татаал сүйлөм; аралаш татаал сүйлөм.* Мындай классификацияланган татаал сүйлөмдөрдүн ар биринин аныктамасын беришип, аларды мисалдар менен бекемдешкен. Аталган окуу китебинин кийинки, бир нече жолку басылыштарында эч кандай өзгөрүү, толуктоолор жок , маселе ушул абалда кайрадан басылып отургандыктан, биз мында бир эле мисал келтирдик.

Дагы бир тилчи окумуштуу филология илимдеринин доктору, профессор А.Жапаров “Кыргыз тилинин грамматикасы. Экинчи бөлүк. Синтаксис”(Фрунзе: Кыргызокууепедмамбас, 1954.) деген алгачкы окуу китебинде (китептин 2-бөлүгү “Кошмо сүйлөмдүн синтаксиси” деп аталат) бул маселеге кыйла терең карап, кеңири мамиле жасаганы байкалып турат. Окумуштуу татаал сүйлөмдү башка термин менен, “кошмо сүйлөм” термини менен атайт. Анын берген аныктамасы мындай: **Айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан өз ара тутумдашып, татаал ойду түшүндүрүп турса, кошмо сүйлөм деп аталат.** 1930-жылдардан 1950-жылга чейин **кошмо сүйлөм** деп айтышса, азыркы мезгилде **татаал сүйлөм** деп айтылат.Төмөндө мисалдар менен анын ар кандай вариациялардагы абалын түшүндүргөн. Автор аталган окуу китебине татаал сүйлөмдүн жасалыш жолдоруна чейинки маселени киргизген. Андан ары **жөнөкөй (тең маанилеш) жана багыныңкы кошмо сүйлөмдөр:***жөнөкөй (тең маанилеш кошмо сүйлөм); байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөм; байламта сөздүү жөнөкөй кошмо сүйлөм; чечме сүйлөм; багыныңкы кошмо сүйлөм жана анын түзүлүшү.***Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүн**, автор төмөнкүчө классификациялайт: *мезгил багыныңкы сүйлөм; себеп багыныңкы сүйлөм; максат багыныңкы сүйлөм; шарттуу багыныңкы сүйлөм; сыпат багыныңкы сүйлөм; салыштырма багыныңкы сүйлөм; карама-каршы багыныңкы сүйлөм; өлчөм багыныңкы сүйлөм; бир өңчөй багыныңкы сүйлөм; тике жана кыйыр багыныңкы сүйлөм; кысытырынды сүйлөм; аралаш кошмо сүйлөм; орток ээлүү кошмо сүйлөм.* Көрүнүп тургандай, бул автордун татаал сүйлөмдү классификациялоосу кыйла кенен, айталы, профессор А.Жапаров бөлүштүргөн классификацияда башка адистерде жолукпаган “өлчөм багыныңкы сүйлөм”,”бирөңчөй багыныңкы сүйлөм”, “тике жана кыйыр багыныңкы сүйлөм”, “кыстырынды татаал сүйлөм”, “орток ээлүү кошмо сүйлөм” сыяктуулар тереңдетилип каралган. Булардын аныктамаларын да кыйла терең бергени баамга урунат, мисалы, **кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмдүн көлөм, даража, багыт, сан, сыпат жагынан өлчөмүн көрсөтүп турса, өлчөм багыныңкы сүйлөм деп аталат, -** деген так, даана аныктамасын берген. Андан ары, бир өңчөй багыныңкы сүйлөм – сүйлөмдүн составында бирөңчөй милдет аткарып, бирдей суроого жооп берүүчү сүйлөмдөр; тике жана кыйыр багыныңкы сүйлөм – баш сүйлөмгө багынып турган багыныңкы сүйлөм тике; ал эми өзүнчө туруп, баш мүчө менен

байланыша албай, башка багыныңкы сүйлөмгө багынуу аркылуу баш сүйлөм менен тутумдашса – бул кыйыр багыныңкы сүйлөм болот; кыстырынды татаал сүйлөм - баш сүйлөмдүн ээ, баяндоочунун арасына багыныңкы сүйлөмдүн кыстырылып калган түрү; орток ээлүү кошмо сүйлөм – кошмо сүйлөмдүн тутумундагы бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр бир гана ээге багынып турат, - деген сыяктуу кең-кесири аныктамаларын так, даана, ар бирин мисалдар менен аргументтеп, бекемдеп берген экен.

Биз мында синтаксис, татаал сүйлөмдүн синтаксиси маселелеринин теориялык-лингвистикалык жактан изилденишинин айрым гана параметрлерин, айрым гана эмгектердеги абалын карадык. Бул проблема боюнча жарыкка чыккан илимий эмгектердин баарын анализге алуу мүмкүн эмес. Ошентип, алардын түгөл баарында синтаксис, **татаал сүйлөмдүн синтаксиси** илимдин кабыл алынган аныктамаларынын алкагында каралып, улум мезгил берилеген сайын толукталып, системалаштырылып отурду. Жыйынтыгында мына мындай бүтүмдөргө келүүгө болоор эле: ***Маанилеш бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара байланышып, грамматикалык жактан бири экинчиси менен тыгыз тутумдашып, бирдиктүү бир ойду билдирген сүйлөм татаал сүйлөм болот.*** Структуралык түзүмү боюнча татаал сүйлөмдөр *тең байланыштагы татаал сүйлөм* же *багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм* болуп да бөлүнүшөт. Мисал келтирели: *“Чекеден көк буу чыгат, алакандар кабарат”* (Түгөлбай Сыдыкбековдон). Бул сүйлөм ички структурасы боюнча тең байланыштагы татаал сүйлөм болду. Экинчи бир мисал: *“Жүнүн албаган чоң серкенин чаначына суу толгондо, анын бою Айтикенин омуроосуна жете түштү”*(Аалы Токомбаевден). Ал эми бул сүйлөм багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм болду. Буларды айрым эмгектерде “багыныңкы татаал сүйлөм” же “багынычсыз татаал сүйлөм” деп гана берип жүрүшөт. Профессор К.Сартбаевде да, профессор А.Имановдо да, булардан кийинки бир катар тилчи-окумуштуулардын эмгектеринде да так ушундай, жогоруда аталган справочникте да ушинтип берилет.

Ар кандай татаал сүйлөмдүн составындагы бир канча (алар, адатта, эки, үч же андан да көп жөнөкөй сүйлөмдөн турат) жөнөкөй сүйлөмдөр лингвистикалык эрежелерге ылайык төмөнкүдөй жолдор менен:

• Байламталардын жардамы менен байланышат. *Анын ошондо эмне үчүн мындай кылуум керектигин да айтса керек эле, же айтпадыбы, айтор, анысы эсимде калбаптыр, бирок “Жамийла “ деген аталышка жандилим менен жабыша калдым (Чыңгыз Айтматовдон).*

• Жандоочтордун жардамы менен байланышат. *Ал улам мага жакындаган сайын, мен өзүмдү оолак кармап, алыстай бергенимди, кийин гана билдим.*

• Сөз мүчөлөрүнүн (кээде муну чакчылдар деп да жүрүшөт) жардамы менен байланышат. *Боз үйлөр болсо төөлөргө, аттар менен өгүздөргө артыла жүктөлүп, күтүрөгөн жылкы үйүрлөрү менен, кой короолору менен талаа-түздөрдү басып өтүп, анан чокусу асман тиреп, жайы-кышы кары кетпеген ак тоого карай жөнөчүбүз (Чыңгыз Айтматовдон).*

• Айтылуучу сүйлөмдүн интонациясы аркылуу байланышат. *Кийин мен элдик каада-салт, жөрөлгөлөрдөгү, ырлардагы философияны, ишенимдерди, үмүттөрдү, максаттарды, табият менен болгон тыгыз байланышты таба алдым. Алар кандайдыр бир чакырык, бир ишти тапшыруу жана адамзаттын түбөлүк өктөлүү өмүр парздары эле (Чыңгыз Айтматовдон).*

• Убакты, мезгилди билдирген сөз мааниси аркылуу байланышат. *Жымжырттык өкүм сүрүп турган класс ичи коңгуроонун үнү угулар замат, чуру-чуу, күрү-күүгө толуп, тынчтык бузулду.*

К.Сартбаевдин жана А.Имановдун классификациясы боюнча татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрү да сунуш кылынат, аларды структурасы жана маанилери боюнча бөлүштүрүү жоболору кабыл алынган. Андай татаал сүйлөмдөрдүн айрымдары грамматикалык структурасы (түзүлүшү) жана маанилери боюнча бири-экинчиси менен тутумдашса да, бирине-бири багынбайт, бирдей укукта, бирдей даражада турушат, ал эми айрым татаал сүйлөмдөрдө, составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр маанилик, структуралык жагынан бирине-бири баш ийип, тутумдашып, бири-экинчисине көз каранды абалда болушат, ошондуктан, алар *багыныңкы татаал сүйлөм* жана *багынычсыз татаал сүйлөм* болуп бөлүнүшөт да өз мезгилинде булар да ички өзгөчөлүктөрү боюнча бир нече түрлөргө бөлүнүшөт. *Багыныңкы татаал сүйлөм: мезгил багыныңкы сүйлөм, орун багыныңкы сүйлөм, максат багыныңкы сүйлөм, себеп багыныңкы сүйлөм, сыпат багыныңкы сүйлөм, карама-каршы багыныңкы сүйлөм, салыштырма багыныңкы сүйлөм, шарттуу багыныңкы сүйлөм, сан өлчөм багыныңкы сүйлөм, көп багыныңкылуу татаал сүйлөм* болуп бөлүнүшөт. *Багынычсыз татаал сүйлөм: байламталуу багынычсыз (мезгилдеш, кайчылаш, ажыраткыч, себеп-натыйжалаш) татаал сүйлөм, байламтасыз багынычсыз (мезгилдеш, кайчылаш, салыштырмалуу, түшүндүрмөлүү, себеп-натыйжалаш) татаал сүйлөм* болуп бөлүнүшөт.Айрым учурларда составындагы сүйлөмдөр багыныңкы да багынычсыз да абалдагы сүйлөмдөрдөн турушу толук ыктымал, мындай учурда ал татаал сүйлөм мазмуну жана структурасы боюнча ***аралаш татаал сүйлөм*** болот.

Татаал сүйлөмдүн синтаксиси боюнча тил илиминдеги буга чейинки жетишкендиктердин дээрлик баарын иргеп, системалуу, бир жаңсыл пикир айткан эмгек филилогия илимдеринин доктору, профессор А.Имановдун “Кыргыз тилинин синтаксиси”(Бишкек, 2009) деген эмгеги болду. Мында автор маселеге кыйла тереңден карап, тил илиминин синтаксис бөлүмүнүн биздеги абалы менен гана чектелбей, анын башка түрк элдеринин илиминдеги, орус тил илиминдеги абалына да кеңири анализ жасап сөз жана сөз айкашы, алардын грамматикалык табияты, типтери, түрлөрү, байланышуу жолдору, составы, структурасы, катыштык деңгээлдери, тыныш белгилеринин коюлушу сыяктуу маселелерди кенен караган. Профессор айрым окумуштуулар сыяктуу татаал сүйлөмдү “кошмок сүйлөм” деген термини менен атайт, сүйлөмдүн бул структуралык түрүнө да кеңири анализ берген, карап көрөлү: *Кошмо сүйлөм. Тең байланыштагы кошмо сүйлөм. Байламтасыз тең байланыштагы кошмо сүйлөмдөр. Байламтасыз тең маанилеш кошмо сүйлөм. Байламтасыз мезгилдеш тең байланыштагы кошмо сүйлөм. Каршы маанилеш тең байланыштагы кошмо сүйлөм. Байламтасыз себеп-натыйжалаш тең байланыштагы кошмо сүйлөм. Чечмелеме маанилеш байламтасыз кошмо сүйлөм. Байламталуу тең байланыштагы кошмо сүйлөм. Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөм. Мезгил багыныңкы сүйлөм. Шарттуу багыныңкы сүйлөм. Себеп багыныңкы сүйлөм. Максат багыныңкы сүйлөм. Сыпат багыныңкы сүйлөм. Каршы багыныңкы сүйлөм. Салыштырма багыныңкы сүйлөм. Өлчөм багыныңкы сүйлөм. Орун багыныңкы сүйлөм. Көп багыныңкылуу кошмо сүйлөм. Аралаш кошмо сүйлөм.(А.Иманов. Кыргыз тилинин синтаксиси: экинчи басылышы.-Бишкек:2009. 342-409-беттер).*Андан ары автор сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүүнүн жолдорун да сунуш кылган. Көрүнүп тургандай, татаал сүйлөмдүн синтаксиси боюнча буга чейинки изилдөөлөрдүн баарын жалпылыштырып келип, соңку маалыматтарды бере алган эмгек болгон, бул эмгек ушундай катары бааланууга тийиш.

**Адабияттар:**

1.Тыныстанов К. Кыргыз тилинин синтаксиси: VI-VII-VIII класстары үчүн окуу китеби. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1936.

2.Актанов Т., Бакеев К. Кыргыз тилинин синтаксисинин конспектиси. –Фрунзе: Кыргызмамбас, 1937.

3. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, лексикология,. . .синтаксис. –Бишкек, 2009.

4. Актанов Т. Грамматика. 2-бөлүк. Синтаксис. –Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940.

5. Иманов А. Кыргызтилининсинтаксиси. – Бишкек, 2009.

6. Долгова О.В. Синтаксис как наука построения речи. –Москва: Высшая школа,1980.

7. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. – Бишкек: Турар, 2010.

8. Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тили. Синтаксис. –Фрунзе: Мектеп,1975.

***Рецензент: п.и.д., профессор К.Д.Добаев***